# №52 жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин 2018-2019 - окуу жылында аткарган иштеринин анализи.

2018-2019 - окуу жылында мектеп жамааты "Мамлекеттик билим берүүнүн стандартын ишке ашырууда окуучуларга заманбап билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана тарбия берүүдө мугалимдердин компетенттүүлүгүн өнүктүрүү" деген теманын үстүндө эмгектеништи. Ал эми кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмеси "Мугалимдердин, окуучулардын ийгиликтүү инсан катары коомго аралашуусуна, өзүн өзү аныктоосуна шарт түзүү" деген теманын үстүндө эмгектеништи. Бул окуу жылында усулдук бирикменин мугалимдери алдыга төмөнкүдөй максаттарды коюшту:

- Сапаттуу билим берүү менен окуучулардын мамлекеттик тилди билүү жана үйрөнүү көрсөткүчүн жогорулатуу.
- Окуучулардын жаш курагын эске алуу менен алардын жекече жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.
- Окуучуларга билим берүүдө алардын физикалык жана психикалык ден-соолугун сактоо, бекемдөө менен жагымдуу жагдай түзүү.
- Окуучулардын билим алууга кызыкчылыгын арттыруу.
- Окуучулардын кыргызча сөз байлыгын өстүрүү максатында иш чараларды өткөрүү.
- Окуучулардын шыгын ачуу.
- Окуучулардын кыргыз тилинде көркөм окуусуна, окуп түшүнүүсүнө өзгөчө көңүл буруу.
- Окуучуларды окутууда окуу тарбия иштерин бир этаптан экинчи этапка өтүүнү үзгүлтүксүз уюштуруу.
- Бардык сабактарда окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ден- соолугун коргоону, бекемдөөнү камсыздандыруу.

- Мугалимдердин профессионалдык өсүп – өнүгүүсү үчүн үзгүлтүксүз иш алып баруу.
- Окуучуларга билим беүүдө жаңылануу ыкмаларын кеңири колдонуу.
- Кыргыз тилин окутууда окуучулардын сапаттуу жазуусуна көңүл буруу.
- Кыргыз тилин окутуу менен бирдикте кыргыз элинин тарыхы, каада – салты, үрп- адаты менен окуучуларды кеңири тааныштырууга аракеттенүү.

Мезгилдин талабына ылайык жаңы технологияны, жаңы идеяларды колдонуу менен чыгармачыл сабакты өткоруу--------------

Алдыга коюлган максат , талаптарды ишке ашыруу үчүн Бишкек шаарынын № 52 жалпы орто билим берүү мектебинде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда Кенжебаева М.И., окуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда жалаң гана кыргыз тили жана адабиятынан сабак берген 7 мугалим Жолдошбекова М.Б., Батырбекова А.А., Абакирова Р.О., Калыбекова А.К., Тиленбаева Ж.Ж., Карабаева Г.Т. Мусаева К.С. , башка сабактардан жана кыргыз тилинен сабак берген 2 мугалим Мурсаева Г.К., Куланбаева Н.А. эмгектеништи. Калыбекова А.К. жаш адис .

Ар бир мугалим өз алдынча усулдук тема алып, ал теманын үстүндө иштешти. Алар:

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жолдошбекова М.Б. | Билим сапатын көтөрүү, окуучуларга мамлекеттик тилди окутууда,үйрөтүүдө алардын кызыгуусун арттыруу максатында жаңылануу ыкмаларын, компьютердик технологияларды кеңири колдонуу. |
| 2. | Абакирова Р.О. | Кыргыз тил ,адабият сабактарында жана сабактан тышкаркы иш чараларда окуучулардын сүйлөө , жазуу речин жана чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн өстүрүү менен билим сапатын жогорулатуу. |
| 3. | Батырбекова А.А. | Окуучулардын билим дэңгээлин өнүктүрүүдө дидктикалык оюндарды колдонуу. |
| 4. | Кенжебаева | Кыргыз тил,адабият сабагында макал-лакаптардын |

| | | |
|---|---|---|
| | М.И. | маанисин чечмелөөнүн негизинде окуучулардын дүйнө таанымын өстүрүү, активдештирүү жана эне тилине болгон кызыгуусун арттыруу. |
| 5. | Карабаева Б.К. | Элдик оозеки чыгармалар аркылуу окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү. |
| 6. | Тиленбаева Ж.Ж. | Жаңылануу ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын кыргыз тилине болгон кызыгуусун арттыруу. |
| 7. | Калыбекова Айсанат | Мамлекеттик тилди өз алдынча өздөштүрүү, үйрөнүү үчүн компетенттүүлүккө негиздеп окутуу. |
| 8. | Мусаева К.С. | Дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын сабакка кызыгуусун арттыруу. |

Мектепте окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстар 1, 2 ,3, 4 , 5,8,9 окуучулардын саны 224, окуу орус тилинде жүргүзүлгөн 1-11 – класстагы окуучулардын саны 1087 . Талапка ылайык окуу орус тилинде жүргүзүлгөн 1 – 9- класстардагы окуучулардын саны 30 же андан ашса 2 топко, ал эми 10-11 класстарда 25тен ашса эки топко бөлүнүп окутулду.

Окуу жылы мугалимдерге кыргыз тили жана адабияты сабагынын сааттарын бөлүштүрүү, окуу кабинеттердин жаңы окуу жылына даярдыгын текшерүү , усулдук бирикмеде жаңы окуу жылдын пландарын талкуулоо, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын окуучуларынын санына жараша топторго бөлүштүрүү , окуу китептер менен камсыз болушун көзөмөлдөө , мугалимдерге класстык журналдардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты барактарын толтуруу боюнча көрсөтмө берүү менен башталды.

Мектепте мамлекеттик тилди окутууга окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн 1 окуу бөлмөсү, окуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн 3 окуу бөлмөсү каралган. Бардык окуу бөлмөлөр азыркы замандын талабына ылайык жасалгаланып, дидактикалык таркатылчу материалдар менен үзгүлтүксүз толукталып, телевизор, DVD коюлган.

Окуу жылдын башында УБнин жыйыны өтүп жаңы окуу жылдын иш планы каралып, бекитилди. Календарлык – тематикалык план ар бир класска жаңы стандартка ылайык түзүлүп, ар бир мугалим УБнин жетекчисине

көрсөттү. Ошондой эле окуу жылында өтүлө турган декаданын планы бекитилди.
Декаданын максаты: Окуучулардын кыргыз тилине кызыгуусун арттыруу. Окуучуларды кыргызча сүйлөөгө, көркөм окууга машыктыруу. Кыргыз элинин каада – салттарын жана үрп- адаттарын көрсөтүү менен окуучулардын кыргыз элинин тарыхын билүүгө кызыктыруу. Мекенди сүйүүгө жана патриоттуулукка тарбиялоо.

Декаданын планы

| № | Мугалимдер | Класстар | Мөөнөтү | Тема |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Абакирова Р.О. | 9а-класс | 12.02.19. | Т.Сатылганов.”Жаштарга” |
| 2 | Батырбекова А.А. | 1а-класс | 14.02.19. | Менин дарегим |
| 3 | Кенжебаева М.И. | 8к-класс | 15.02.19. | Жөнөкөй жана татаал бышыктоочтор |
| 4 | Карабаева Б.К. | 11б - класс | 13.02.19 | Синонимдер |
| 5 | Тиленбаева Ж.Ж. | 5в-класс | 12.02.19. | Этиштин терс м.-ба Менин ар бир күнүм |
| 6 | Калыбекова Айсанат. | 4б-класс | 15.02.19. | Менин досум |
| 7 | Мусаева К. С. | 5а-класс | 20.02.19 | Сын атоочтун күчөтмө даражасы |

Көрсөтүлгөн сабактар өз убагында өтүлүп, сабактардын планы ар бир мугалимдин портфолиосуна салынышы керектиги айтылды. Ар бир айда УБнин жыйыны өткөрүлүп турду. Жыйында өткөрүлө турган иш чаралар бекитилип, аларга анализ жүргүзүлүп турду.

2018-2019 - окуу жылынын жыйынтыгы боюнча кыргыз тили жана адабиятынан жылдын жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.

**Окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда**

| жылдар | **кыргыз тили** | | **кыргыз адабияты** | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты % | жетишүүсү % | билим сапаты % | жетишүүсү % |
| 2016-2017 | 68 | 100 | 66 | 100 |
| 2017-2018 | 61 | 99 | 71 | 100 |
| 2018-2019 | 62 | 99 | 72 | 100 |

каралган. Бардык окуу бөлмөлөр азыркы замандын талабына ылайык жасалгаланып, дидактикалык таркатылчу материалдар менен үзгүлтүксүз толукталып, телевизор, DVD коюлган.

2018-2019 - окуу жылынын жыйынтыгы боюнча кыргыз тили жана адабиятынан жылдын жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.

**Окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда**

| жылдар | **кыргыз тили** | | **кыргыз адабияты** | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты % | жетишүүсү % | билим сапаты % | жетишүүсү % |
| 2016-2017 | 68 | 100 | 66 | 100 |
| 2017-2018 | 61 | 99 | 71 | 100 |
| 2018-2019 | 62 | 99 | 72 | 100 |


**Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда**

| жылдар | **кыргыз тили** | | **кыргыз адабияты** | |
|---|---|---|---|---|
| | билим сапаты % | жетишүүсү % | билим сапаты % | жетишүүсү % |
| 2016-2017 | 63 | 99 | 60 | 100 |
| 2017-2018 | 66 | 99 | 64 | 99 |
| 2018-2019 | 66 | 99 | 64 | 99 |

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда мурунку окуу жылдарына салыштырмалуу билим деңгээлинин көрсөткүчтөрү кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынан **1 %** жогорулады. Ал эми окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда билим деңгээли мурунку жылдарда кандай болсо ошол денгээлде калды. . Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстардын кыргыз тилинен жетишүүсү 99%, кыргыз адабияты 100 % , ал эми окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын кыргыз тилинен жана адабиятынан жетишүүсү 99 % түздү. Окуу жылдын жыйынтыгы боюнча окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 3-К класстын окуучусу Дүйшөнов Кубаныч, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардан 2-В класстын окуучусу Кругликов Руслан, Черепанов Вадим, , 8- А класстан Недайводин Максим, 8-Б- класстын окуучусу Белов Назар кыргыз тилинен “2” алышкан. Белов Н. кыргыз тилден көчүрүү сынагында да “2” алды, ага жайкы эс алуу убактысында аткарып келүү үчүн тапшырма берилди. Август айында кыргыз тилинен сынак тапшыра тургандыгы тууралуу анын апасына билдирүү берилди. Калган окуучулар кыргыз тили

эле эмес башка сабактардан да жылдын жыйынтыгы боюнча "2 алгандыгына байланыштуу класстан класска көчүрүлүшкөн жок.
2018-2019– окуу жылынын окуу планы базистик пландын негизинде түзүлгөн.

Окуу жылы бою 3-11- класстарда кыргыз тилинен жана адабиятынан окуучулардын билим деңгээли мектеп администрациясы жана Бишкек билим берүү башкармалыгы тарабынан үзгүлтүксүз текшерилип турду. Анын жыйынтыгы райондук билим берүү борборуна өз учурунда тапшырылды. Апрель айында окуучуларды көчүрүү сынагына жана жыйынтыктоочу аттестацияга даярдоо иштери жүргүзүлдү. Алдын алуу сынактар өткөрүлүп, ар бир кабинетте сынак бурчу даярдалды. Көчүрүү, бүтүрүү сынактарынын материалдары УБнин жыйынында талкууланды. Жылдын жыйынтыгы боюнча 5-10 класстар кыргыз тилинен көчүрүү сынактарын, 9-11 – класстар жыйынтыктоочу аттестацияны ийгиликтүү тапшырышты

Окуу жыл ичинде ар бир чейректин жыйынтыгы боюнча ар бир класстын билим деңгээли усулдук бирикменин жыйынында каралып, ар бир мугалим чейрек бою өткөргөн иш чаралары боюнча маалымат берип турушту. Бул жыйында жетишкендиктер, кетирилген кемчиликтер кеңири талкууланды. Чейректердин жыйынтыктары боюнча билим деңгээлинин жогорулашы же төмөндөшүнүн себептерин ар бир мугалим кесиптештери менен бөлүштү. Мугалимдер маалыматтарды угуу менен гана чектелип калбастан, билим көрсөткүчтөрү кескин түрдө жогорулап же төмөндөп кеткен класстардын сабактарына катышып, кыргыз тилинен жетишпеген же ага көңүл бурбаган окуучулардын ата - энелери менен, класс жетекчилери менен бирдикте иш алып барышты. Тажрыйба алмашуу максатында мугалимдердин бири- биринин сабактарына катышуусу , кыргыз тилинен жазуу, сөздүк дептерлерди өз ара текшерүү үзгүлтүксүз жүргүзүлдү. "Кыргыз тили жана адабияты" усулдук бирикмесинин жетекчиси Абакирова Р.О. жана мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б. усулдук жардам көрсөтүү максатында ар бир мугалимдин сабагына катышты. Жаш адис Калыбекова А.К. тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышты. Мектептин "Жаш мугалим", "Кыргыз тили жана адабияты" усулдук бирикмелери тарабынан Калыбековага А.К. ар тараптуу жардам көрсөтүлдү.Мугалимдердин мектеп документациясы менен иштөө, окуучулардын билим деңгээлин өз убагында баалоо, жазуу турүндө өткөрүлгөн иш чаралардын бааларын өз убагында класстык журналга түшүрүүсүн көзөмөлдөө максатында администрация тарабынан класстык журналдын кыргыз тили жана адабияты барактары текшерилди. Муглимдердин чеберчиликтерин өркүндөтүү максатында окуу жылында кыргыз тилинен сабак берген ар бир мугалим 3төн ачык сабак өтүштү. Окуу жылы ичинде Карабаева Г.Т. Кыргыз

Республикасынын илимдер академиясынан квалификация жогорулатуу курсуна барды. Жолдошбекова М.Б., Мусаева К.С., Калыбекова А.К. сабакта коммуникативдик ыкмаларды колдонуу боюнча курстун биринчи модулуна катышышты. Абакирова Р.О., Мусаева К.С. Кыргыз- Түрк "Манас" университети уюштурган "Кыргыз тилин чет тил катары окутуу: жаңычылдыктар жана маселелер" аттуу семинар – тренингге катышып сертификат алуу укугуна ээ болушту.

Директордун мамлекеттик тили боюнча орун басарынын планына ылайык башка мектептер менен тажрыйба алмашуу максатында иш жүргүзүлдү. Чүй областынын Москва районунун Александровка айылынын Арли Арбуду атындагы жалпы билим берүү мектеби менен биргеликте план түзүлүп , планга ылайык иш жүргүзүлдү. Планда жүргүзүлүүчү иш чаралар 3 жылга пландаштырылган.

Кыргыз тилин мыкты өздөштүргөн окуучулар арасында окуу жылында 4-11- класстар арасында кыргыз тили жана адабиятынан олимпиада өткөрүлдү. 10-11- класстардын мектеп олимпиадасынын жеңүүчүлөрү райондук олимпиадага да катышышты.

**Олимпиаданын жыйынтыгы**

| Окуучунун аты жөнү | 2016-2017- окуу жылы | | 2017-2018- окуу жылы | | 2018-2019- окуу жылы | | Сабак берген мугалим |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | р | ш | р | ш | р | ш | |
| Азамат кызы Дамира | **1** | **-** | | | | | Жолдошбекова М.Б. |
| Закир уулу Алимбек | **3** | | | | | | Карабаева Г.Т. |
| Закир уулу Алимбек | | | **2** | **-** | | | Карабаева Г.Т. |
| Артикзода Нигина | | | **3** | | | | Карабаева Г.Т. |
| Океана Урматбек | | | | | **1** | **3** | Абакирова Р.О. |

Кыргыз тили жана адабиятын окутууда алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу максатында райондо, шаарда өтүлгөн семинарларга кыргыз тили мугалимдери үзгүлтүксүз катышты.

Окуу жылы боюу кыргыз тили мугалимдери өз билимдерин өркүндөтүү максатында өздүк темаларынын үстүндө иш алып барышты. Жеке эле усулдук бирикмеде кыргыз тилчилер арасында эмес, жалпы мектептин мугалимдер жамааты менен тажрыйба алмашуу максатында педкеңешмелерде докладдар окулуп, практикалык кеңештер берилди. Окуу жыл ичинде. 2 мугалим Кыргыз – Түрк "Манас " университети уюштурган

"Кыргыз тилин чет тил катары окутуу: жаңычылдыктар жана маселелер" аттуу семинар – тренингге катышып сертификат алуу укугуна ээ болушту.

Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча класстан класска көчүрүү сынактарын тапшырууда окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда 5-8,10-11-класстар тапшырмалуу жат жазуу жазышты.

Кыргыз тилин окутуу менен бирдикте кыргыз элинин жана Кыргызстандын аймагында жашаган элдердин салт- санаасы, үрп адаты менен кеңири тааныштыруу максатында окуу жылда класстан сырткаркы иш чаралар үзгүлтүксүз өткөрүлдү. өткөрүлгөн иш чаралардын планы, алардын аткарылышы боюнча маалымат райондук билим берүү борборуна тапшырылды.

Кыргыз тилин окутуу менен бирдикте кыргыз элинин тарыхын, каада- салты, үрп- адаты , белгилүү инсандардын өмүр жолу, мекенине өтөгөн кызматы менен окуучуларды кеңири тааныштыруу максатында өтүлгөн класстан сырткаркы иш чаралар:

1. 23- сентябрь Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамын кабыл алган күнү жана кыргыз элинин залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун 90 жылдык маарекесине карата өтүлгөн иш – чаралар:

- ✓ «Ата-Бейит» мемориалдык комплексине саякат - 100 окуучу
- ✓ Ч.Т. Айтматовдун үй-музейине саякат – 150 окуучу ,
- ✓ Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин алдындагы РДЮЦЭКиТ тарабынан Чынгыз Айтматовдун өмүр жолу жана чыгармачылыган арналган видоероликттердин сынагы. Бул сынакка Жолдошбекова М.Б. 11- класстын окуучулары менен катышкан. Жыйынтыгында Талгаров А. 1- орун, Бактыбек кызы Жамиля 2-орунга ээ болушуп, министирлик тарабынан Ардак грамота жана китептер менен сыйланышты.
- ✓ М. Жангазиев атындагы куурчак театрына «Манкурт» спектаклине - 250 окуучу барды
- ✓ Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик филармониянын симфониялык оркестринин Ч.Айтматовго арналган концертине – 30 окуучу барды.
- ✓ «Сейтек» балдар борборунун көркөм – музыкалык көрсөтүүсүнө - 150 окуучу барды.
- ✓ Ч.Атйматовдун чыгармаларын сахналаштыруу боюнча кароо-сынак болду. Мектептин жеңүүчүлөрү райондук кароо – сынакка катышышты. Абакирова Р.О . 10- класстын окуучулары менен "Жамиля"чыгармасын сахналаштырып 3- орунга ээ болушту.
- ✓ Ч.Айтматовдун чыгармаларын сүрөт аркылуу көрсөтүү

кароо-сынактын жеңүүчүсү Марлисова Нелля шаардык кароо- сынакка катышып , шаарда 2-орунга ээ болду. .

- ✓ Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдык маарекесине карата өткөрүлгөн иш чараларга жеке эле окууучулар эмес ,мектептин мугалимдер жамааты да катышышты. Ч.Айтматовдн чыгармаларын сахналаштыруу боюнча усулдар арасында сынак өткөрүлдү. “Кыргыз тили жана адабияты” усулдук бирикмеси “Манкурт жөнүндө баянды” сахналаштырып 1- орунга ээ болушту.
- ✓ Окутуу кыргыз тилинде жүргузүлгөн класстар арасында Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча суроо – жооп сынагы өткөрүлдү.
- ✓ Мектепте Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча райондук долбоорлор сынагы өткөрүлдү.

2. Кыргыз элинин белгилүү инсандарынын маарекелери боюнча иш чаралар

С. Ибраимовдун 80-жылдык маарекесине карата өтүлгөн иш - чаралар

- ✓ 9-11—класстарда класстык сааттар
- ✓ Китепканада С.Ибраимовдун өмүр жолуна арналган көрсөтмө уюштурулду.
- ✓ Тарых мугалими Р.Ю.Ахметшин С.Ибраимовдун өмүр жолу, мекенине кылган кызматуу тууралуу жогорку класстын окуучулар презентация өткөрдү.

3. “Эне тили күнүнө” карата “Ар улуттун башын кошкон Ала – Тоо” фестивалы 8- класстар арасында өтүлдү. 8-А класс тажик улутун, 8-Б класс түрк улутун,8-В класс дунган улутун, 8-К класс кроей улутун тандашкан. Алар өздөрү тандаган улуттардын тарыхы, үрп- адаты, улуттук кийимдери, маданияты боюнча кеңири маалымат беришти. Арли Арбуду атындагы орто мектептин мугалимдери иш чарага жогору баа беришти.
4. Нооруз майрамына карата өткөрүлүүчү иш чаралар мектепте салтка айланган 5- класстар арасындагы “Жаз майрамы – Нооруз” класстан сырткаркы иш чаралар менен башталды. Абакирова Р.О. 9-11- класстардын окуучулар арасында кыз-уландар оюну “Сармерденди” өткөрдү. “Сармерденге” райондун мугалимдери келип күбө болушту.
5. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн “Окурман” сынагы өткөрүлдү. Бул класстар арасында китепти көп окуган 4-К класс болду.. Окуучулары мактоо баракчалары, китептер менен сыйланышты. 4-К класстын класс жетекчиси Мурсаева Г.К.

Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча окуу программасы толук аткарылды. Окуу жылында алдыга коюлган максаттар ишке ашты. Кыргыз тилин окутууну үзгүлтүксүз улантуу, окуучулардын окуудагы көрсөткүчтөрүн мындан ары да

жогорулатуу, терендетүү максатында окуу жыл башында коюлган максаттар, талаптар үстүндө иш алып баруу улантылат.

УБнин жыйынында кийинки окуу жылына карата кандай иш пландарды түзүү керектигин жана кетирген кемчиликтердин үстүндө кандайча иштөө керектиги талкууланып, август айында өтүлө турган жыйынга ар бир мугалим өз сунуштарын киргизүү керектиги айтылды.

**2019– 2020 - окуу жылында мектептин эмгек жамаатына коюлган максаттар:**

- ✓ Окуучулардын жаш курагын эске алуу менен алардын жекече жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү
- ✓ Окуучуларга билим берүүдө алардын физикалык жана психикалык ден соолугун сактоо , бекемдөө менен жагымдуу жагдай түзүү
- ✓ Окуучулардын билим алууга кызыкчылыгын арттыруу
- ✓ Окуучулардын кыргызча сөз байлыгын өстүрүү максатында иш чараларды өткөрүү
- ✓ Окуучулардын шыгын ачуу
- ✓ Окуучулардын кыргыз тилинде көркөм окуусуна, окуп түшүнүүсүнө өзгөчө көңүл буруу
- ✓ Окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу максатында “Кыргызтест” менен кызматташтыруу
- ✓ Арли Арбуду атындагы жалпы билим берүү мектеби менен кызматташтыкты улантуу

**Мугалимдерге коюлган талаптар:**

- ✓ Окуучуларды окутууда окуу тарбия иштерин бир этаптан экинчи этапка өтүүнү үзгүлтүксүз уюштуруу
- ✓ Бардык сабактарда окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ден- соолугун коргоону, бекемдөөнү камсыздандыруу
- ✓ Мугалимдеринин профессионалдык өсүп- өнүгүүсү үчүн үзгүлтүксүз иш алып баруу
- ✓ Окуучуларга билим берүүдө жаңылануу ыкмаларын кеңири колдонуу
- ✓ Кыргыз тилин окутууда кыргыз улутундагы балдарга өзгөчө көңүл буруу
- ✓ Окуучулардын кыргыз тилинде сапаттуу жазуусуна өзгөчө